**Предмет:** Көркөм өнөр

**Классы**: 3

**Тема:** Күзгү жамгыр

**Сабактын максаты:**

А. Окуучулар күз мезгилиндеги айлана- чөйрөнү сүрөттөп айтышат.

Б.окуучулар түстөрдүн бири –бири менен туураа айкалыштыгын билүүгө көнүгөт;

В.сүрөт сабагына керектүү окуу куралдарын иретүү пайдаланууга жана түстөрдү туура колдоно билүүгө көндүмү калыптанат.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдүү өздөштүрүү

**Сабактын ыкмасы:** түшүндүрүү,суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| Уюштууруу 5 | Келгиле маанайыбызды көтөрүү максатында ыр айтабыз:<br>Биринчиси – тазалык<br>Ыплас иштен качалык<br>Жуунуп көңүл ачалык<br>Таза жерге жаталык.<br>Экинчиси – эң керек,<br>Эне – атага бир белек.<br>Тартиптүүлүк. Аны биз<br>Сактабасак, ким берет?<br>Азаматсыңар балдар! | Мугалим айтат окуучулар артынан кайталашат. |
| Жаңы темага өбөлгө 5 | 1.Кимге кайсыл мезгил жагат?<br>2.Күз мезгилин айларын атап бергиле.<br>3.Күз мезгилинде аба ырайы кандай болот? | Суроолорго жооп беришет. |
| Жаңы тема 25 | Күзгү пейзажды тарткыла. Күзүндө жамгыр тез-тез жаайт, табият капаланган сымал. Күн булуттардын артына жашынат. Дарактардын ачык сары, кызыл түстөрүнүн өңү өчөт. Табиятта бизден алыс турган объектилер жамгырдан улам көрүнбөй калат. Жылуу түстөгү ыраң (тон) муздак түстөгү түрлөр менен айкалышат | Окуучулар күзгү жамгырдын сүрөтүн тартышат. |

| | | |
|---|---|---|
| Бышыктоо<br>5 | “Жаз жарыш, күз күрөш” дегенди кандай түшүнөсүңөр? | Суроолорго жооп беришет |
| Үйгө тапшырма<br>3 | Ким тартып жаткан сүрөтүн акырына чейин тартып бүтпөгөн болсо үйдөн бүтүрүп келесиңер. | Тапшырманы күндөлүгүнө жазышат |
| Баалоо<br>2 | Аткарылган иштерди балдар менен чогуу талдап, баа берүү.<br>Эң жакшы тартылган сүрөттөрдү белгилөө. | Алган бааларын күндөлүгүнө койдурушат. |

**Предмет:** Музыка

**Классы**: 3

**Тема:** Кенже дастандар.

**Сабактын максаты: :**

А. дастанчылык өнөрү жана дастанчылар жөнүндө кыскача айтып беришет, эпостон үзүндүнү жатка билишет

Б. Эпостон үзүндүнү ыгы менен кыймыл аракеттер, музыканын коштоосунда ырдап аткара алышат

В. Жупта, кичи топтордо иштөө көндүмү калыптанат.

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Сабактын ыкмасы:** түшүндүрүү,суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| Уюштууруу<br>3 | Келгиле маанайыбызды көтөрүү максатында жаныбыздагы шериктерибизге комплимент айтабыз. | Бири – бирине комлимент айтышат. |
| Үйгө тапшырманы суроо<br>7 | Кана балдар ким айтып коёт үйгө тапшырма эмне болгон эле?<br><br>Жаттап келдиңерби?<br>Кана ким айтып берет? | Манас баатырдын төрөлүшү. |

| | | |
|---|---|---|
| Жаңы темага өбөлгө<br>5 | Балдар дастан деген эмне?<br>Аны кимдер айтканын билесиңерби?<br>Кандай дастандар улуу дастан деп аталат?<br>Кенже дастан дегенде эмнени түшүнөсүңөр? | Суроолорго жооп беришет. |
| Жаңы тема<br>15 | Кенже дастан.<br>Элибизде ар кыл мүнөздөгү, мазмундагы дастандар арбын. Улуу дастан «Манастан» тышкары, «Эр Төштүк», «Кедейкан», «Курманбек», «Эр Табылды», «Саринжи-Бөкөй», «Жаңыл Мырза» сыяктуу кенже дастандар бар. «Манас» эпосунун кандайдыр бир өзгөчө касиети бар, аткаруучулар аспаптын коштоосу жок эле айтышат. Аларды «манасчы» деп аташат. «Манас» эпосу сыяктуу эле, ар бир кенже дастандардын өзүнө мүнөздүү обону бар. Кенже дастандарды көбүнчө төкмө-акындар комуздун коштоосунда ырдап айтышат. Кыргыз музыкалык адабиятынын өнүгүшүнө зор салымдарын кошкон элдик төкмө-акындар Токтогул Сатылганов баш болуп, Осмонкул Бөлөбалаев, Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаев, Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиев, Ашыралы Айталиевдер баатырдык кенже эпостордун көпчүлүгүн айтышкан. «Саринжи-Бөкөй» дастанынан дастанчы-комузчу Болуш Мадазимов да кыраатын келтире аткарчу.<br><br>КУРМАНБЕК (Эпостон үзүндү)<br>Алтын эшик дарбаза,<br>Кайсы бектин калаасы?<br>Алтын сака калчаган,<br>Кайсы бектин баласы?<br>Кайрылчу тууган менде жок,<br>Курмандын кайгыга толгон санаасы.<br>Биринде пирге кол берген,<br>Экисинде кудайым,<br>Эгем сүйүп жол берген.<br>Жашы үчкө чыкканда,<br>Чүкө ойногон балдардан.<br>Жашы төрткө чыкканда,<br>Насаат сурап чалдардан.<br>Бешке жашы толгондо,<br>Даам сызган бектерден.<br>Алтыга жашы толгондо,<br>Ажат алган дептерден. | Кунт коюп угушат.<br><br>Курманбек эпосунан үзүндүнү окушат. |
| Бышыктоо<br>10 | Жаңы теманы бышыктоо үчүн суроолор:<br>1.Улуу дастандын кенже дастандардын кандай айырмасы бар?<br>2.Кандай кенже дастандарды билесиңер?<br>3.Кенже дастандарды кимдер айткан? | Суроолорго жооп беришет |

| | | |
|---|---|---|
| Үйгө тапшырма 3 | Үйгө тапшырма “Курманбек” эпосунан үзүндүнү жаттап келүү. | Тапшырманы күндөлүгүнө жазышат |
| Баалоо 2 | Сабакка катышуусу эске алынып 5 баллдык системада бааланат. | Алган бааларын күндөлүгүнө койдурушат. |

**Предмет:** Математика

**Классы**: 3

**Тема:** Мисал маселе иштөө, 339-345 иштер (үч амалдуу маселе)

**Сабактын максаты:**

А. Мисал, маселелерди үч амалдын негизинде иштөө эрежелерин билет.

Б. Үч амалдуу мисал, маселелерди, туюнтмаларды түзүп, эсептей алышат

В. Өз алдынча, командада иштөө көндүмү калыптанат.

**Сабактын тиби:** Бышыктоо

**Сабактын ыкмасы:** түшүндүрүү,суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| Уюштууруу 3 | Саламатсыңарбы балдар?<br>Маанайыңар кандай? | Маанайыбыз эң жакшы<br>Андан кийин беш жакшы<br>Кайгы капа билбейбиз<br>Жалкоолукту тилдейбиз<br>Окуп билим алууга<br>Биз баарыбыз бирдейбиз. |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| Үйгө тапшырманы суроо<br>5 | Үй тапшырмаларын дептерлерин (№1,№2) алмаштыруу алуу аркылуу текшерүү. | 337-338 мисал маселе. |
| Жаңы темага өбөлгө<br>2 | Үч амалдуу маселелерди кандай жолдор менен чыгарабыз? | Суроого жооп беришет. |
| Жаңы тема<br>10 | 339 – маселе.<br>Складда 246 “Горизрнт” телевизору жана андан 105ке аз “Рубин” телевизору болгон. Дүкөнгө 179 телевизор берилди. Складда канча телевизор калды? Ар бир амалды айрым-айрым жазып чыгар.<br>Берилди: чыгаруу:<br>Горизонт – 246 246-105=141<br>Рубин – 105ке аз 246+141=387<br>Дүкөнгө – 179 берилди 387-179=208<br>? калды складда<br>жообу: складда 208 телевизор калды | |
| Бышыктоо<br>20 | 340 – мисал.<br>Жагы 5 см болгон квадратты сызып, аны жагы 1 см болгон квадратка ажырат. Канча кичине квадрат пайда болду?<br>341 – мисал.<br>Тик бурчтукта канча квадрат жайлашкан? Аны кандай жолдор менен тапса болот?<br><br>342 – мисал.<br>42нин алтыдан бир бөлүгүн, жетиден бир бөлүгүн тап. Кайсы амалды пайдаланасың? Бөлүктөрдү салыштыр.<br>343 – мисал.<br>18 - =10 15: =5 8 x =16 7+ =15<br>344 – маселе.<br>а) Ар бир мууну 5 см ден болгон үч муундуу сынык сызыктын узундугун эки жол менен тап.<br>б) Кесиндинин ченеп жаз: АВ=...дм...см...мм<br>А ______________________________ В | Доскада иштешет.<br><br>Өз алдынча иштешет.<br><br>Класста баары чогу иштешет. |
| Үйгө тапшырма<br>3 | Тогузга көбөйтүү темасынан баштап ушул күнгө чейин өтүлгөн мисал, маселелерди карап кайталап келгиле. | Тапшырманы күндөлүгүнө жазышат |
| Баалоо<br>2 | Сабакка катышуусу эске алынып бааланат. | Алган бааларын күндөлүгүнө койдурушат. |

**Предмет:** Мен жана дүйнө (мекен таануу)

**Классы**: 3

**Тема:** Талас шаары - Манастын мекени

**Сабактын максаты:**

А.Талас шаары анын тарыхы, маданияты, тарыхий эстеликтери менен таанышы шат.

Б.Окуучуларда өз алдынча суроо коё билүүнү жана аларга тексттин өзүнөн жооп таба билүү көндүмүн калыптандыруу.

В. Өз ара мамиле түзүп жардамдашууга көндүмү калыптанат

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Сабактын ыкмасы:** түшүндүрүү,суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| Уюштууруу<br>3 | Маанайыңар кандай балдар? | Маанайыбыз эң жакшы<br>Андан кийин беш жакшы<br>Кайгы капа билбейбиз<br>Жалкоолукту тилдейбиз<br>Окуп билим алууга<br>Биз баарыбыз бирдей биз. |
| Үйгө тапшырманы суроо<br>7 | Үйгө тапшырма эмне болгон?<br><br>Азаматсыңар балдар!<br><br>Үйгө тапшырманы бышыктоо үчүн суроолор:<br>1.Нарын шаары качан негизделген?<br>2.Нарын облусу кандай пайдалуу кендерге бай? | Наарын шаары тууралуу окуп келүү.<br><br>Наарын шаары тууралуу айтып беришет.<br><br>Суроолорго жооп беришет. |

| | | |
|---|---|---|
| | 3.Нарын облусунун аймагы менен кайсы суу агып өтөт?<br>4.Кочкор кыштагы кайсыл жыл түзүлгөн?<br>5.Ал жерде кандай кой өстүрүлөт? | |
| Жаңы темага өбөлгө<br>5 | 1.Кыргызстанда жалпы канча облус бар?<br>2.Алар кайсылар, ата?<br>3.Ушул күнгө чейин канча облус менен тааныштык? | Суроолорго жооп беришет. |
| Жаңы тема<br>15 | Балдар бүгүн биз силер менен Талас облусуна саякат уюштурабыз. Баарыбыз мекен таануу китебимизди 65 бетине ачабыз.<br><br>Талас шаары - Талас облусунун административдик жана чарбалык борбору. Ал Кыргызстандын тундук-батышында жайгашкан. Шаар Талас суусунун боюнда орун алган. Талас облусу - өлкөбүздүн кооз жерлеринин бири. Ал бардык тарабынан тоо кыркалары менен курчалган Талас өрөөнүндө жайгашкан. Талас облусунун калкы кой, уй, жылкы өстүрөт. Облуста дыйканчылык да өнүккөн: эгин, тамеки, картөшкө, жашылча айдалат, акыркы жылдары төө буурчак өстүрүлө баштады.<br>Таластын сыймыктанчу жери - Манастын күмбөзү. Бул эстелик Талас шаарынан түндүк-чыгышта, Кеңкол суусунун боюнда, «Манастын кароол дөбөсү» деп аталган тоонун эте-гинде. Уламыш боюнча кеп кылымдар мурда бабабыз Манас каза болгондо ага арналып курулуп, сөөгү ошерге коюлган.<br><br>Манастын бүткүл аракети өз элин бириктирүү болгон. Анын максаты ишке ашкан ошол мезгилде кыргыздардын жылдызы жанып турган. Манастын улуулугу анын кең пейил жана айкөлдүгүндө болгон. Ал өзүнүн керт башынын амандыгынан элдин ар-намысын жогору койгон. «Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» дегени Ата Мекенин коргоого каны-жанын аябаганын билдирет. Ал элдин жыргалчылыгы жана бакубат турмушу үчүн күрөшкөн адамдарды тегерегине топтогон. Манастын негизги осуяттары - адамгерчилик жана адамды урматтоо, Ата Мекенге берилип кызмат өтөө. Биздин ата-бабаларыбыз байыркы мезгилде кубаттуу жана гүлдөгөн мамлекетти негиздешкен. Бүгүнкү күндө да ар бирибиздин ыйык парзыбыз - мамлекетибизди сактоо.<br><br>Манастын осуяттары | Мугалим текстти окуп түшүндүрүп берет. |

| | | |
|---|---|---|
| | 1. Улуттардын биримдиги.<br><br>2.Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.<br>3. Улуттук ар-намыс жана патриоттуулук.<br><br>4.Арыбас мээнет, алдынкы өнер-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.<br><br>5. Гумандуулук, айколдук, кечиримдуулук. 6. Табият менен татуу мамиледе болуу.<br><br>7. Кыргыз мамлекетин чындоо жана аны көздүн карегин- дей сактоо. | |
| Бышыктоо<br>10 | Жаңы теманы бышыктоо үчүн суроолор :<br>1. Жээгинде Талас шаары жайгашкан суу эмне деп аталат?<br><br>2. Талас облусунун тургундары эмне иштешет?<br>3. Манастын күмбөзү кайда жайгашкан?<br><br>4. <<Манас» эпосунун каармандарынын улуулугу эмнеде?<br><br>5. Манастын кандай осуяттарын билесинер? | Суроолорго жооп беришет |
| Үйгө тапшырма<br>3 | Талас шаары жөнүндө окуп келгиле. | Тапшырманы күндөлүгүнө жазышат |
| Баалоо<br>2 | Сабакка катышуусу эске алынып бааланат. | Алган бааларын күндөлүгүнө койдурушат. |